КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2026-жылдын 9-апрели **№14** **Салам-Алик айылы**

Салам-Алик айыл аймагынын кээ бир жарандарына Салам-Алик айыл аймагынын “Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу жөнүндө.

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Ак-Терек айылынын 2026-жылдын 12-март № 3-сандуу элдик жыйындын чечимине ылайык Ак-Терек айылынын тургундары Маматибраим уулу Раис жана Жеңишбек уулу Кыялбекке, Ара-Көл айылынын 2026-жылдын 2-апрелиндеги № 2-сандуу элдик жыйынынын чечимине ылайык, Ара-Көл айылынын тургундары Давлятов Сулайман, Аттокуров Азизбекке, Кош-Этер айылынын 2026-жылдын 4-март № 3-сандуу чечимине ылайык Кош-Этер айылынын тургуну Мамбеталиева Атыркүлгө Салам-Алик айыл аймагынын “Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу боюнча Салам-Алик айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1.Ак-Терек айылынын тургундары Маматибраим уулу Раис, Жеңишбек уулу Кыялбекке жана Ара-Көл айылынын тургундары Давлятов Сулайман, Аттокуров Азизбекке, жана Кызыл-Байрак айылынын тургуну, ардагер Мамбеталиева Атыркүлгө Салам-Алик айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн жана көп жылдык эмгегин эске алуу менен Салам-Алик айыл аймагынын “Ардактуу атуул” наамы ыйгарылсын.

2.Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айылдык кеңешинин регламент, мыйзамдуулук, укук тартиби, коомдук уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, мандат жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**